**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН**
**VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН** кезектеги **XIX СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**11-июнь 2026-жыл** **№ 4** **Октябрь айылы**

**2026-жылга калктуу конуштардын генералдык планын иштеп чыгуу үчүн Республикалык бюджеттен каралган 10 117, 8 миң сом акча каражатын каржылоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине ылайык, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 03-июнундагы чыгыш 01-15/75 сандуу катына жана Багыш айылдык кеңешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик,инвестиция ,ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүү жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 08-июнундагы отурумунун №5 пртоколун, сунушун талкуулап, Багыш айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1.Айылдардын генералдык планын жасатууга Республикалык бюджеттен бөлүнгөн **10 117, 8 миң сом** “Максаттуу трансферт” башкаруу бөлүмүнүн 2215 “Товарларды жана кызматтарды пайдалануу менен дагы башка кызмат көрсөтүү” беренесине көбөйтүлсүн.

2.Каражатты максаттуу пайдалануу жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Таевге жүктөлсүн.

3. Планга тактоо киргизүү жагы Кыргыз Республикасынын финансы Министирлигинин Сузак райондук финансы башкармалыгынан суралсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айылдык кеңешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик,инвестиция ,ишкердик ,транспорт, кызмат көрсөтүү жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

5.Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.М.Кулмамбетов**